~~[illegible]~~.

Кылыч.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 1
13/IV 1981 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Зарзаман

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № I.
13/II-1982.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе



Акылы жок жел өпкө
Өз кайратын көп көрөр
Бир өзүнөн башканы
Адам көрбөй чөп көрөр
Акылы бар азамат
Кылган ишин ак көрөр
Эби менен иш кылар
Эрегишкен душманга
Жалгыз кирген эр эмес
Аралашып калган соң
Качып берген жол эмес
Жалып калган адамды
Чап этектен эмес
Акылы жок адамдар
Эч немени кенебес
Кайраты бар азамат
Элден мурун качмайды.
Канча союл жесе да
Акылынан шаппайды
Эси жоктун баарысы
Мурун чырды баштайды
x x x
Эки камчы тийгенде
Качар жолун саптайды
Кайарты бар азамат
Жолдошуна каралар
x x x

Журегу жок ургандар
Качып берип сайдырар
Мактангандын баарысы
Акмактыгы көп болор
x x x
Арты кийнин ойлобой
Элге шылдың көп болор
Акылы бар азамат
Ар нерсеге эп болор
x x x
Канча коркок болсода
Сыр алдырбас кишиге
Мактанганга көөну жок
Сөз батырар ичине
Изат кылып тил алар
Ак сакалдын сөзуне
x x x
Жел өпкөлөр кубанар
Балбан болсо кучуне
Жанакыдай иш болсо
Жардам болбос кишиге
x x x
. . . . . . . аңдачы
. . . .    сөзум тыңдачы
Билип алган акылың
Бетиңиздин бардасы
x x x

Уяты бар жигиттин
Жанына келер байдасы
Ьу жалганда болбосо
Акыретте байдасы

x x x

Уяты бар кор болбос
Ачуу кылган чоң болбос
Ичи бузук жигиттин
Асли иши оң болбос

x x x

Кудай берген ырыскы
Канча жесе коробос
Кордук кылган душманың
Кайгы кылып куунабас

x x x

Акыр селимдер
Айлы жогалмас
Саманасы ушундай
Калайыктын бейли жок
Ьайкабайды өлүмдү
Малы бардын көөнү ток

x x x x

Жарды дебей бай дебей
Багы келсе колу шок
Акыр туруп ойлонуп
Кудай деген бирөө жок

x x x

Бетегелүү тулаң чөп
Илгеркидей жерде жок
Бир кишиде миң жылкы
Издеп жүрсөң элде жок.

x x x

Бу замана бара алды
Жылдан жылга тарылып
Кыргыз,казак оруска
Калды мына багынып

x x x

Акараттуу салимдар
Ак жолборстой чамынды
Айбатынан эл коркуп
Малын берди жалынып

x x x

Эмдигинин заманы
Кандай баян кылалы
Жаман деймин жардыга
Жакшылардын сурагы

x x x

Элди журтту кекетип
Эч билбеди убалды
Эч билбеди убалын
Бу да болсо жарандар
Кудурети алланын

x x x